...литературы и истории
Инв. № 1420
12.IV.52г.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

...литературы и истории
...рукописей
№ 272
27 ср. 1963
...ССР гор. Фрунзе

# ПАПКА
# ДЛЯ
# БУМАГ

Мамытов Торо

„Кокотойдун ашы"

КИЇВ-ПОЛІГРАФ
Арт. 920—16
Цена 1 р. 60 к.

# Заключение

На отрывок из эпоса „Манаса“. Поминки Кокотея“ представленным тов. Бакеевым.

Материал представленный тов. Бакеевым отрывок „Поминки Кокотея“ представляет научный интерес. Этот отрывок записано со слов Манасчи Таро Мамасрова – живущий в южной киргизии. У нас в фонде почти мало подобных вариантов, сказителей из юга киргизии. Поэтому сектор считает необходимым сдать фонд ИЯЛИ и принять этого варианта.

Кеч

10/IV 1952 г.

Торо Мамытов айткан, Бакеев Жазбек жазган „Көкөтөйдүн ашы" деген узундуга

рецензия

„Көкөтөйдүн ашы" деген Манас эпосунун узундусу Тил, адабият, тарых институтунун фондусуна алууга ылайыктуу. Анткени Жалпы Манас эпосун изилдөө иштеринде кызыктуу материал болуп саналат. Бул узундуда диндик көз караштар да көздөшөт, бирок, ага карабастан эпостогу каармандар, алардын минген аттарынын аттарында аз-аз өзгөчөлүктөр бар жана ошондой эле окуяларында. Материал түштүк кыргыздардын фонетикалык өзгөчөлүктөрү менен жазылган. Изилдөө иштеринде пайдалуу материал.

Рецензент Тил, адабият, тарых институтунун кенже илимий кызматчысы [signature] /Б. Маматов/.

4. IV 1952 г.

АКТ

12 апреля.

Мы, нижеподписавшиеся, члены комиссии в составе:

завсектором литературы т. Керимжановой,

мл. научного сотрудника Б. Маленова

составили настоящий акт в том, что т. Бакеев , на основании рецензии т. Маленова и заключения сектора литературы,

сдал в рукописный фонд ИЯЛИ рукопись "Кекетөйдун ашы".

Т. Бакеевым сдано Тысяча пятьдесят строк /1050/, стихотворных.

Члены комиссии: Кер /Керимжанова/

Б Мален /Маленов/

Материал в рукописный фонд принят

12 апреля 1952г.

Принято : стихотворных строк - Тысяча пятьдесят строк.

Зав. рукописным фондом Куз

Работа сдал - Бак

Ноокат району Ош облусу.

Отдел рукописей Инв. № 1420 12.IV.52 г.
Отдел рукописей Инв. № 272 1973

I

Төрө Мамытов

Адигине уруусунун ичинде уругун бөрү деп атайт.

Кат - сабатсыз, 63 жашта,

" көтөрмө " колхоздун мүчөсү 7 баласы бар.

1947- жылы апрель айында жазылган.

Төрө Мамытовдун оозунан жазган- Бакеев.

## Текст № 42.

## Көкөтөйдүн ашы.

Көз мурун:

Ырамандын ырчы уулу, ака / уул акай /.
Маңа элге элчи болуңуз, ака /
Маңа эл чогултуп бериңиз, ака!
Калк бир калкчы болуңуз, ака !
Калк чогултуп бериңиз, ака!
Мен атамдын ашын кыламын, ака !
Маңа эл чогултуп бериңиз, ака,!
Энемдин ашын кыламын, ака!

Ыраминдын ырчы уулу:

Атаңдын көрү Кех мурун,
Мен элге бир элчи болбоймун,
Мен эл чогултуп бербеймин.
Мен калка калкчы болбоймун
Калк чогултуп бербеймин.
Мени малдан көмситкөниңби ?
Мени баштан көмситкөниңби ?
Менин малым сурасаң,

Меним- миң тайлактуу тѳѳм бар.
Миң кулундуу бээм бар.
Меним миң музоолуу уюм бар.
Миң кара башыл коюм бар.
Миң чорулуу кулум бар.
Мени малдан кемситкенинби?
-деп этегин кагып, коон кетип
калды.

Кѳх мурун:

Кабагына кар тоңуп,
Мурутуна муз тоңуп,
Кара полот кыл жибек
Гармаб- алып сабынан,
Сууруб- алып кабынан,
Атаңдын- гѳрү ырамаңдын, ырчы уулу
Сени теппей бооруң эзбесем,
Чаппай башың кеспесем,
Габыргаңды сѳкпѳсѳм,
Каныңды кара суудай тѳкпѳсѳм,
Ӓдӓбинди бербесем.
Ажелиңдин жеткени,
Абийриңдин кеткени.
Эми кетмеңди кайдан табасың.
Эми - гѳрүңдү кайдан казасың ?
Сенин миң тайлактуу тооңду.
Миң кулунду бээңди,
Миң музоолуу уюңду,
Миң кара башыл коюңду,

Миң чорулуу кулуңду,
Пайганиң акыркысына койбосом.

Ырамындын ырчы уулу:

Эми өлөт деген шул экен,
Кетет деген шул экен.
Эми кетменди кайдан табамын,
Гөрүмдү кайдан казамын.
Калк карысы Сары бий,
Эр карысы Сары бий,
Шул өлүмдөн тилеп кал.
Мен элге элчи болоюн,
Эл чогултуп берейин.
Калка калкчы болоюн,
Калк чогултуп берейин.

САРЫ БИЙ:

Алты жашар Көхмурун!
Элчилике өлүм жок.
Элге элчи болсунай,
Эл чогултуп берсинай.
Калка калкчы болсунай
Калк чогултуп берсинай!
Кара полот кыл жибек
Жаңга салып койду дейт.

Ырамындын ырчы уулу:

- Кайерден бери айтам, чором ?

Кохмурун:

Жер йузасинде нечен- нечен товлор бар,

Нечен- нечен зовлор бар.

Бул жолдорду сурасаң,

Алтайчылык жолдор бар.

Буга ончо= мунча ат жетпейт.

Кызыл- Суунун боюнда,

Кызыл жоонун тоюнда,

Мында өзгөн Мäлике.

Шу Мäликени берсин ?ай маңа ?

Мäликеден башка ат жетпейт.

Сары бий:

- Мäликени берсинай !-

Кохмурун:

-Мäликени берсем берейинайт

Кохмурун мäликени өз колу менен токуду.

Маликедей кулукту

Канжыгасы гаймалтын

Кайыштыра бек токуп,

Куюшканы куймалтын

Куюштура бек токуп,

Басмайылын бек тартып,

Куюшканын кыскартып,

Токуптагы берди дейт,
Маликедей кулукту.

Кехмурун:

Ырамандын ырчы/ ы / уулу, ака.
Киймиңизди кийиңиз, акай.
Жана аг- олпокту кийиңиз, акай.
Топчулугу бир тогуз
Топчуланып алыңыз, акай!
Чаранайдай сабилди
Тулку бойга кийиңиз, акай!
Белдемчилдей сабилди
Белге тартып- алдыңыз, акай!
Темир тапан үзөңгү
Теппей ыргый миниңиз, акай!
Аксыргагым / атбагар./ мында гел,
Эртираактан мында гел,
Кече оруска берип оңдоткон,
Он жамбы менен түзөткөн,
Кытайга берип кылдырган,
Кырк жамбы менен түзөткөн
Кара полот кыл жибек
Кара даты кетсин деп,
Кара белес- шумайга
Алты гүнү таштаган,
Кызыл даты кетсин деп,
Кызыл- белес шумайга
Жети гүнү таштаган.

Кара салып койсо бир гулач,

Суурул алса, кырк кулач.

Кыңга салса, кыңк эткен,
Суурул алса, жылт эткен.

Караганда каш кеткен,
Шилтегенде баш кеткен,

Адамдын кара канын тилеккен,
Кара полот кыл жибек
Алып келгин деп айтам.

Сугатына чыдабай,
Суулуу токой кыйдырган,

Гөмүрүнэ чыдабай,
Кара токой жоюлган,
Саап ичип жүргөн деп,

Саң сар башыл кой берген.

Садагы саңга жеткин деп,
Саң сары башыл кой берген.

Кара полот ак кайтә

Буга табактай дәри куюп кел,

Уштап окту салып кел.

Эртераак алып кел,

Тезираак алып кел,

Омойколуу кол найза

Тутам жерин ныраткан
Тутам жерин сырлаткан
Тутам жерин жашыл менен
сырлаткан.
Тутам жерин кызыл менен
сырлаткан.
Жай саратан болгондо,
Кай жарылып кетет деп,

Тарамыш менен тышлаткан.
Кыш чилделер болгондо,
Колго суук этэт деп,
Манат менен тыштаткан.

Сӓбин манат бөрк кылган

Учуң найза көк кылган

Адамдын кара канын тилеткен
Кара полот кол нӓйзӓ
Алып келгин деп айтам.
Кол нӓйзанин ырчы уулу
Жоңго салыб- алды дейт.

Алты койго, бир атка
Алып келген ак кездик
Алып келгин деп айтам.

Ырамандын ырчы уулу, ӓкӓй
Мунан дагы сен барсаң,
Сен күндү күнгө уласаң,
Сен түн экенин билбесең,
Наркы атасы камбаркан,
Камбаркан уулу Эрбөкчө
Эрбөкчөгө кабар сал.
Көгаладай күлүктү
Алып келип чапсын дейт,
Мени сырдан тапсын дейт,
Алтымыш койдун башы бар
Атам көктайдын ашы бар
Көгаладай күлүгүн
Алып келип чаппаса,
Мени сырдан таппаса,
Мен коктудан үйүн табармын,
Колоттон малын чабармын.
Жылгадан үйүн табармын
Жабыттан малын табармын.
Буга дагы кабар сал,
Булар элин өз айтар,
Сен күндү күнгө уласаң,
Түндү түнгө уласаң,
Сен түн экенин билбесең,
Кыр мурунду көңүрбай
Көңүрбайга кабар сал,
Алтымыш койдун башы бар
Атам Көкөтайдын ашы бар,
Кара тору күлүгүн Алып кели чапсын дейт,

Мени сырдан тапсын дейт,
Кара тору кулугун
Алып келип чаппаса,
Мени сырдан таапаса,
Коктудан үйүн табармын,
Колоттон малын чабармын.
Жылгадан үйүн табармын,
Тешшей боорун эзэрмин,
Чаппай башын кесермин.
Буга дагы кабар сал
Бул ӑм элин өзү айтар
Анан ары сен барсаң,
Күндү күнгө уласаң,
Түндү түнгө уласаң,
Сен түн экенин билбесең,
Алтымыш күнү жөө жүрүп,
Кан жыттанган зөр Жолой
Жетимиш күнү жөө жүрүп,
Жетимиш калмак- өлтүрүп,
Жин жыттыңган гөр Жолой,
Гор жолойго кабар сал.
Алтымыш койдун башы бар
Атам Көкөтайдын ашы бар
Ач буудандай күлүктү
Алып келип чайсын дейт,
Мени сырдын тапсын дейт.

Ачбуудандай гүлүгүн
Алып келип чаппаса,
Мени сырдан таппаса,
Мен коктудан үйүн табармын,
Колоттон малын чабармын.
Теппей боорун эзермин,
Чаппай башын кесермин.
Буга дагы кабар сал
Бул ӓмэлин өз айтар
Онон ары сен барсаң,
Күндү күңгө уласаң,
Күн экенин билбесең,
Түндү түңгө уласаң,
Түн экенин билбесең,
Нескарага кабар сал,
Ол ӓй элин өз айтар
Онон нары сен барсаң,
Бүкүрү ... темир чоён алп,
Ол ӓм элин өз айтар
Отуз экен таман алп
Таман алпка кабар алп
Таман алпка кабар сал,
Ол ӓм элин өз айтар.
Онан нары сен барсаң,
Кара тазга кабар сал,
Ол ӓм элин өз айтар.
Онан нары сен барсаң,
Сары тазга кабар сал.
Ол ӓм эоин өз айтар.
Эми сен күндү күңгө уласаң,
сен күн экенин билбесең.

Тұңду тұңгө уласаң,
Тұп экенин билбесең.
Кыз Сайкалга кабар сал,
Алтымыш койдун башы бар
Атам Көкөтайдын ашы бар.
Кыл жээрендей кұлұгұн
Алып келип чапсын дейт,
Мени сырдан тапсын дейт.
Кыл жээрендей кұлұгұн
Алып келип чаппаса,
Мени сырдан таппаса,
Коктудан үйүн табармын,
Колоттон малын чабармын.
Жылгадан үйүн табармын,
Жыбыттан малын чабармын.
Буга дагы кабар сал,
Бул өм элин өз айтар.
Мунан ары сен барсаң,
Тогуз уул кенжеси,
Бир кудайдын бәндәси
Элеменн байдын эр Төштүк
Эр Төштүккө кабар сал.
Көкмурун укаң дуба айтты,
Дуба айтканда шуну айтты:
Алтымыш койдун башы бар
Башкарып көрүп кетсин дейт,
Жакшы кылып өткөрүп, дагы кетсин дейт.
Чал гуйруктай кұлұгұн
Алып келип чапсын дейт,
Мени сырдан тапсын дейт.

Онан нары сен барсаң,
Күндү гүңгө уласаң,
Күндү гүңгө уласаң,
Күн экенин билбесең,
Түндү түңгө уласаң!
Түн экенин билбесең,
Оролмого кабар сал.
Алтымыш койдун башы бар,
Äкäң Көкөтайдын ашы бар.
Ала ? байтал күлүгүн
Алып келип чапсын дейт,
Мени сырдан тапсын дейт.
Äкäсинин ашын өткөрүп, келген элди башкарып,
келип дагы кетсин дейт.
Онан нары сен барсаң,
Күндү күңгө уласаң.
Түндү түңгө уласаң,
Түн экенин билбесең,
Таласска жетип барарсың,
Жакыпкан уулу жаш Шамас
Манаска жетип барасың,
Ырамандын ырчы уулу, äкäй,
Äсти жаштык кылбагын, äкäй!
Äсти боздук кылбагын, äкäй!
Аттан бүгүлүп түшөрөр,
Кол куушуруп барагөр,
~~Кол кошурун барагор~~
Көмүрүн укäң дуба айтты,
Дуба айтканда муну айтты:

Алтымыш койдун башы бар,
Акаӊ Көкөтайдын ашы бар.
Келип эл башкарып кетсин дейт,
Журт башкарып кетсин дейт.
-Деп жакшылап дагы айтагөр
Ӓсти жамандап дагы айтпагын
Шунун ҙайтканын дагы кылагөр,
Дегенин дагын кылагөр.
Эми, шунан, кайтагөр.
Калганын Манас өз айтар
Көхмурун:
-Эми, нече күндө келерсиӊ ?
-Бир жылда келемин.
Ырамандын ырчы уулу
Камчы салбас кара сан
Маликедей күлүкө
Ырамандын ырчы уулу
Чыбык салбас кара сан
Чабык салып берди дейт,
Ырамандын ырчы уулу
Бир кыйкырып берди дейт.
Кыйкырыгы кыр жарып,
Бир өкүрүп берди дейт,
Өкүрүгү тов жарат.
Бир кайратына келди дейт,
Какаарыка келет дейт.

Май жегендей балбырап,
Ант ичкендей кубарып,
Уу ичкендей саргарып,
Балапан куштай бакырып,
Барчын куштай чыңырып,
Салып жаңкытып,
Жүрүп кетип дүңкүтүп,
Чапканына чаң жетпей,
Чаңырыб- учкан куш жетпей.
Өзөндү булак чөл менен
Өзү гөргөн жол менен
Кокту менен койдуруп,
Жылга менен жылдырып
Анда көрсөң, кыр менен
Арам өлгөн Мäликä
Алып жүрүп берди дейт,
Анардай оозун ачты дейт.
Ак көбүгүн тув берине чäшти дейт.
Кара жаак, кара тил
Көмөкөйдө карс этип,
Кара полот кыл жибек
Үзөңгүдө шалк этип,
Төрт аягын сурасаң,
Кара жерде тарс этип,
Алыб- учуп берди дейт.
Товдун башын бир басып,
Бу товдун башын бир басып
Чекендени черте басып,
Караганды кайра басып,

Алып учуп бергенде,

Пулутту көктүн алды менен
Бусунду чөптүн үстү менен
Алып-учуп бергенде,

~~Көктүн башы былк этпейт~~,

Чөптүн башы былк этпейт.

Ырмандын ырчы уул

Күндү гүңгө улайт дейт,

Түндү түңгө уулайт дейт

Түн экенин бөлбөйт дейт.

Асмандагы учкан көптөрди

Кармап алып коё берип,

Таң- тамаша менен кетти дейт.

Нарkы атасы Айдаркан
Берки атасы Камбаркан

Алтымыш койдун башы бар

О, Көкөтай бийдин ашы бар.

Кохмурун саңа дуба айтты

Дуба айтканда шуну айтты.

Көгчаладай күлүгүн

Алып келип чапсын дейт,

Алып келип чаппаса,
Мени сырдан таймаса,

Коктудан үйүн табармын,
Колоттон малын чабармын.
Жылгадан үйүн табармын,
Жабыттан малын чабармын.

Сен ам элиң өзүң айт.

Онан нары Ырамандын ырчы уулу

Күн экенин билбейт дейт.
Түндү түнгө улайт дейт,
Түн экенин билбейт дейт.
Кыр мурундуу Коңурбай
Алтымыш койдун башы бар,
Көкөтайдын ашы бар.
Кара торуу күлүгүн
Алып келип чапсын дейт,
Алып келип чаппаса,
Мени сырдан таппаса,
Коктудан үйүн табармын,
Колоттон малын чабармын.
Жылгадан үйүн табармын,
Жыбыттан малын чабармын.
Сен ам элиң /е/ өзүң айт.
Ырамандын ырчы уулу
Салып кетти заңкылдап
Жүрүп кетти зүңкүлдөп,
Күндү гүнгө улады,
Күн экенин билбеди.
Түндү түнгө улады,
Түн экенин билбеди.
Алтымыш күнү жөө жүрүп,
Кан жыттанган зөр Жолой
Берака чыккын вай айтам:
Кохмурун саңа гай айтты.
Габ- айтканда муну айтты:
Алтымыш койдун башы бар,
Атам Көкөтайдын ашы бар.

Ачбуудайдан кулукту
Алып келип чапсын дейт,
Мени сырдан тапсын дейт.
Мени сырдан таппаса,
Ачбуудайды чаппаса.
Коктудан үйүн табармын,
Колоттон малын чабармын.
Жылгадан үйүн табармын,
Жыбыттан малын чабармын.
Онан нары сен кетип,
Күндү күнгэ уласаң,
Күн экенин билбесең,
Түндү түнгэ уласаң,
Түн экенин билбесең,
Отуз эки таман алып,
Берака чыккын гäб- айттам:
Алтымыш койдун башы бар,
Атама Кэкэтайдын ашы бар.
Сен äм элиң эзүң айт.
Онан нары мен кетип,
Букүрү темир чоён алп,
Сен äм элиң эзүң айт.
Күндү күнгэ уласам,
Күн экенин билбесем,
Түндү түнгэ уласам,
Түнэ экенин билбесем,
Кара таз, берака чыккын,
Гäб- айтам:
Алтымыш койдун башы бар,

Көкөтайдын ашы бар.
Сары таз, саңа гäб- айтам
Алтымыш койдун башы бар,
Атам Көкөтайдын ашы бар.
Сен äм элиң өзүң айт.
Онан нары мен кетип,
Камчы салбас кара сан,
Камчы салып берди дейт.
Чыбык салбас кара сан,
Чыбык салып берди дейт.
Күндү күңгө уласаң,
Күн экенин билбесем,
Кытайлардын, Кыссайкал,
Берaака чыккын гäб- айтам
Тас карадай торолгон. сулув,
Такымга чäчиң оролгон, сулув,
Гүлсөн тишиң кашкайган, сулув,
Гүймөнсөң жыпар жыттанган, сулув
Бер жакка чыккын гäб- айтам, сулув.
Күдөрүдөй былкылдак, сулув
Күчүк бир иттей шыңкылдак, сулув
Бөдөнөдөй көзүң мөлмөйгөн, сулув
Берака чыккын гäб- айтам, сулув
Айланышың алкымыңдан көрүнгөн, сулув
Кымыз ичсең быкыныңдан көрүнгөн, сулув
Кара сув ичсең, как добырсактын башынан көрүнгөн, сулув.
Кытайлардын, Кыссайкыл деймин,
Алтымыш койдун башы бар,

Кэкэтайдын ашы бар.
Кыл жейрэндэн кулукту
Алып келип чапсын дейт,
Мени сырдан тапсын дейт.
Кыл жейрендей кулукту
Алып келип чапсака
Мени сырдан таппаса,
Коктудан үйүң табармын,
Колоттон малың чабармын.
Жыландан малың чабармын.
Мен күндү бир күнгэ уласам,
Күнекенин билбесем,
Түндү түнгэ уласам,
Түн экенин билбесем,
Оролмо сулув, бер чыккын
Кокмурун укаң дуба айтты,
Дуба айтканда шуну айтты:
Алтымыш койдун башы бар
Акаң Кэкэтайдын ашы бар.
Эл башкарып кетиң сиз,
Мен онан салып кеттим, заңкылдап,
Жүрүп бардым зүңкүлдэп,
О, тогуз уул кенжеси
Бир гудайдын бэндэси
Элемен байдын эр уулай Доштук
Эрдин назары тийген зор уулай, Дэштүк!
Берака чыккын гэб- айтсам, Дэштүк!
О, алтымыш койдун башы бар,
Акаң Кэкэтайдын ашы бар.

Жыбыштан үйүң табармын,

Эл башкарып кетсин дейт,
Мен күндү күнгө уласам,
Күн экенин билбесем,
Түндү түнгө уласам,
Түн экенин билбесем,
Таласка жетип мен келдим,
О, Манаска жетип мен келдим.
О, Жакыпкан уулу, жаш Манас,
Берака чыккын сөз айтам!
О, алтымыш койдун башы бар,
Кан Көкөтайдын ашы бар.
Каккуладай күлүгүн
Алып келип чапсын дейт,
Каккуладай күлүгүн
Алып келип чаппаса,
Мени сырдан таппаса,
Коктудан үйүн табармын,
Колоттон малын чабармын.
Жылгадан үйүн табармын,
Жабыптан малын чабармын.

Кан Манас:

Кысталак кулдун айтып турган габың- гөр,
Сүйлөп турган сөзүң -гөр-
Кам манас ачуусу келип кетти дейт,
Камманастын кабагына кар тоңуп,
Мурутуна муз тоңуп,
Май жегендей балбырап,
Эт жегендей шалдырап,

Ант ичкендей кубарып,
Уу ичкендей саргарып,
Балапан куштай бакырып,
Барчын куштай чаңырып,
Эки жагын каранып,
Ээги, башын жаланып,
Бир бакырып туруп гäб- айтат.
-О, кырылгырдын, кырк чоро!
О, баарың бирдей айран боз,
Барыңа айткан кайран сөз,
Аламыңа секирген
Аттын башын Кемирген
Таламаңга семирген,
Тайдын башын кемирген,
Ырамандын ырчы уулу
Айтып турган гäбин-[illegible]эр-
Аттан оодарып дагын алгыла,
Тэппей бборун эзгиле,
Чаппай башын кесиле:
Габыргасын ~~суудай~~ сөккүлө.
Маликедей күлүктү
Муну дагы сойгула.
Тас каарды башын орой койгула!
Аттан оодарып алды дейт,
Тепкилеп дагын кетти дейт,
Койгулап дагын кетти дейт,
Өлтүрө турган болду дейт.
Каракан кызы Канькей

Бул ӓм туруп гӓб- айтат,
-О, Көлөкөңдөн көргөн көп, төрөм!
Көөнү менен эрке өскөн, төрөм!
Ачувы чукул, ичи тар, төрөм!
Анткорум Манас, сизди айтам,
Кара бир көңүл уйкучул
Кандорум, Манас, сизди айтам.
-деп бөдөйбөдөй көзүн мелмелтүп,
Кыргабылдай көзүн кылтайтып,
Айланайын кан, төрөм!
Элчиликке өлүм жок,
Шул өлүмдү тиледим, төрөм!
Кызды көрсө, кыткырган Манас
Катынды көрсө каткырган Манас.

Каникейдин сөзүн укту дейт ;
—Сенин сураганыңды берейин сулув ,
Сенин тилегиңди берейин сулув .
О, каракан кызы Каныкей, сулув .
Какалай турган жаникей сулув .
Эртирээкта сен баргын ,
Тезирээкта сен баргын ,
Өлтүрүп дагын койбосун .
Алдынан тартып алагөр ,
Ажыратып салагөр .
Каникей жүрүп кетти дейт .
Ырамандын Ырчы уулун,
Ажыратып алды дейт.

КАНИКЕЙ:

Ырамандын Ырчы уулу акей .
Сизди эптүү бир киши дечелей, ботом.
Сизди акылдуу киши дечелей, ботом,
Бу копырды жакшылап нечен айтпадым, акей,
Жамандап дагын сен айттың, акей.
Шу өлүмдөн апкалдым, акей
Эми бетиңди дагы жувайын, акей
Каныңды дагы жувайын , акей,
Буга жакшылап айтагөр барып, акей ,
Жамандап дагын айтпагын, акей ,
Мунун бир пейлин сурасаң, акей ,
Бу кара бир көңүл уйкучу, акей
Канкор бир Манас болучу акей.

Бул ачуву чукул, ичи тар,
Анткор бир Манас болучу, өкөй,
Бул чагарак куйрук, чаар жон,
Жолборс бир Манас болучу, өкөй
Өгү кызыл, сырты көк бөрү Манас болчу,
өкөй

Оңкогой мурун чуңкур көз,
Пуркүт Манас болучу
Жакшылап барып айта гөр.
Ырамандын Ырчы уулу:

Жаңылбас жаак болобу,
Мудүрбөс туяк болорбу ?
О, көк мурун үкөң дува айтты:
Дува айканда ушуну айтты.
Алтымыш койдун башы бар,
Өкөң Көкөтайдын ашы бар,
Атамдын ашын кылам дейт,
Өкөсинин ашына
Бошкарып дагы кетиңиз,
Журт башкарып кетиңиз,
Муну өткөрүп дагын кетиң дейт.

О, кара оозуңа кан толгон, кул,
О, бир оозуңа жин толгон, кул.
Бая не шундай деп айтпайсың.

Ырамандын Ырчы уулу:
Өлөнөйин кан Манас !
Жаңылбас жаак болорбу,

Мудурулбөс туяк болорбу ?

Шунан жаңылып калган экемин.

МАНАС:

О,Каракан кызы,Каникей сулув,

Акылман тууган жаникей сулув,

Буга оокат бир алып келегөр сулув,

Буга дасторконуң салагөр сулув,

Муну гардын тойгозуп алагөр сулув,

Буга баш аяк сарпай кылагөр сулув,

Кокөтайдын ашын өзүм бир

Барып кыламын сүйүп

Бул оң мен сөлдун ичинде

Каккуланын табы жок /пайга/

Жер астына түшкөнгө жетимиш жыл болду эле,

Чалкуйруктун табы жок.

Оролмонун байталынын табы эле жок.

Буга саң-сарыбашыл төө коём,

Санагы жетпес пул коём.

Санагы жетпес кой соём,

Санап алгыс үй гоём.

Санагы жетпес бээ гоём

Акыргысын сурасаң,

Миң тойлактуу төө гоём

Миң музоолу уй гоём

Миң кара башыл кой гоём.

Миң кулундуу бээ гоём

Кѳр Жолойдун ачувдан
Ачуудан оозуп кетпейби.
Маликени не миндиң,
Кече кызыл суунун боюнда
Кызыл жоонун тоюнда
Мында оозон Малике.
Карасуунун боюнда
Кара жоонун тоюнда
Мында оозон Малике
Малике барып озбосо,
Ачуудан оозуп кетпейби,
Маликенин йахшы бак
Бяк энди мен айтам.

Ырамандын Ырчы уулу кетти.

Кѳкѳтойдын ашында
Кѳкурѳктун башында
Кыр мурундун Коңурбай,
Булэле келет шакилди.
Пайганин башын маңа бер,
Менин атым озот деп,
Кан жыттанган гѳр Жолой,
Жин жыттанган гор Жолой,
Бул ам келет шекилди.
Менин атым озот деп,
Пайгонин башын маңа бер.
Наргы атасы Айдаркан
Берги атасы Камбар кан

Камбар кан уулу эр Көкчө
Бул өм келет шекилди,
Пайгөнин башын маңа бер,
Менин атым озот деп,
Отуз эки таман алп
Бул өм келет шекилди
Палбаныңды алып чык,
Палбаның дагы болбосо,
Сен олжоңду дагы маңа бер.
Бүкүрү темир Чоён алп,
Бул өм келет шекилди,
Путу келсең бириңдин
Путун узуп алайын
Колуң келсе бириңдин
Колуңду үзүп алайын
Палваның дагы болбосо,
Олжоңду дагы маңа бер.
Кара таз менен сары таз,
өкөву тең бир таз
Алагай көзү алкандай
Айчунагы жолпондой
Чөөчөктөй көздүү эки таз
Булар өм келет шекилди.
Көкөтайдын ашында
Күч сынашып алалыш
Кытайлардын кыссайкал
Кырк жигитке баш болуп,

6.

Бул өм келет шекилди.
Пайгөнин башын маңа бер.
Менин атым озот деп,
Оролмо сулув келди дейт
Кырк жигитке баш болуп,
Элемен байдын эр Дөштүк
Эрдин нөзөри тийген зор Дөштүк
Бул өм келет шекилди. Х
Кырк жигитке баш болуп,
Эл башкарып келди дейт,
Эл чогулуп болду дейт.
Алты жашар Көкмурун
Курасын салып калды дейт.
Кургасын салып карабa
Манас келе жатпайбы?
Оңо турган нерсе эмес,
Ончо-мунча баатырды
Коё турган нерсе эмес.
Мени өлтүрөмүн деп,
Кыйыктап келе жатпайбы.
Кырылгырдын кырк чоро
Эми гандай кылабыз?
Көк мончок деген карындашым
Өтө сонун нерселай
Муну Жолой түзөп алыңар,
Таспарадай торолтуп,

Такымга чачин оролтуп,
Гүлсө тишин кашкайтып,
Күймөлсө жипар жыттантып,
Жолго бир алып чыгынар.
Бу сулувду көргөндө,
Кызды бир көрсө каткырган Манас,
Катынды көрсө каткырган Манас
Ачувсы таркап кетпейби,
Муну дагы гөргөндө.
Манас келет шекилди,
Көк мончокту көрдү дейт,
Айдесе мунун аты жок,
Күн десе мунун көркү жок
Оң сөйкөсүн көтөрүп,
Шалп этип муну бир өптү
Ачувсы таркап кеттиго
Эми кече Көкөтайдын ашында
Көпүрөктүн башында
Оң олкундай калды дейт,
Сол солкулдап калды дейт.
Капыр менен мурунтан
Кайчылашып калды дейт.
Жакып кан уулу жаш Манас,
Эл башкарып калды дейт
Кытайды кытайга бөлүп калды дейт
Мусурманды мусурманга бөлдү дейт.

8.

Ногойду ногойго бөлдү дейт,
Калмакты клмакка болду дейт
Пирсиянды пирсиянга бөлүп кокуй турду дейт.
Бөлүп коюп турганда
Таң тамаша болду дейт.
Кан Манас ат чыгар кылды дейт.
Ат кошулуп калды дейт,
Ат топтолуп калды дейт,
Кытайлардын гөр Жолой :

О,Жакып кан уулу жаш Манас
Атка койгон пайгаң кайсы?
Пайгаңди дагы айтып бер.

Манас

Пайгөнин башына
Сан-сары башыл төө гойдум,
Саналы жеткис бээ гойдум,
Саналы жеткис уй гойдум,
Сан жетпес кой гойдум.
Санап алгыс пул гойдум.
Акырына гөр Жолой
Миң тайлак туу төө гойдум.
Миң гулундуу бээ гойдум,
Миң карабашыл гой гойдум,
Миң музоолуу уй гойдум,
Бар,озгонуң алып кете бер.

Мында туруп кытайлар

Ат чаппайбыз деп айтты.

Манас:

О,Кытайлардын гөр Жолой

Неге атты чаппайсың ?

Гөр Жолой:

Сен саң-сары башыл төө гоюп,

Санага жетпес уй гоюп,

Санав алгыс пул гоюп,

Өз пайгаңди өзүң озгоруп,

Маликени чаппайсаң,

Биз атыбызды чабабыз,

Кытайлардын гөр Жолой

Бул немне дегенин?

Гөр Жолой:

Кече кызыл суунун боюнда

Кызыл жоонун тоюнда

Мында озгон малике.

Шу Маликени чаппасаң чабайын,

дегенде Манас Маликени жетелеп апчыгып кетти.Анан кытайлар хурсан болуп атын кошту дейт.

Манас:

Ырамандын Ырчы уулу, акай,

Ат айдоочу болуңуз, акай,

Сиз Маликени миниңиз, акэй.
Атты бир айдап кириңиз, акөй.
Сиз атты айчылык жолго айдаңыз, акөй.
Жай саратан болгонсоң, акөй,
Кырга салып айдагын, акөй,
Кыш чилдер болгондо, акөй,
Коктуга салып айдагы, акөй.
Аттарга суук өтүп кетпесин, акөй.
Айдап дагын гөрөгөр, акөй.
Сен күндүр бир күнгө улап сал, акөй,
Түндү бир түнгө улап сал, акөй
Ат кокшеа барагөр, акөй
Бир кырандык ишти кыла гөр
Кытайлардын ач буудан
Жолунан чыгарып келегөр, акөй!

Ырчы уул:

-Кандай чыгарайын дегенде, жолдон он күндүк туура жолго чыгарып ташта, жете албай калат, дейт Манас.

Чалкуйрукту алдына дагы сала гөр, акөй
деп атты тайиндай айдатип жиберди.

Манас гавырар экен:

-О, палван бир болсоң чыга бер, чором.
Кытайлардын Нескара,
Түшүп калды палванга
Жыкса, жыгып алганга
Жыгылса курук калганга.

11.

Нескара :

Манас барып көрду дейт,
Нескаранын желкеси жети карыш келдигой,
Таманы он эки карыш келди гой.
Туурасы үч гөз келдигой
Отуруп алса, Нескара
Ог эле палван көрүнөт .
Баатыр Манас- Канас (Карнос болбосун?)
Буга палван издей калды дейт.
Манас барып Дөштүкө
Гөврошып келди:
—Элеманбайдын эргулай, Дөштүк.
Эрдин назөри тийген зоргулай, Дөштүк .
Кытайлардын Нескара түшуп калды палванга
Жыкса, жыгып алганга
Жыгылса, курук калганга
Сен кандайсың палвагна?
О, Палванды мен көрсөм,
Желкеси жети гарыш турбайбы,
Таманы он эки гарыш турбайбы?
Алтымыш өгүз көлләсин ,
Арашан кылып кайнатып,
Муну жеген Нескара .
Жетимиш өгүз көзләсин
Арашан кылып кайнатып
Муну жеген Нескара.

Алтымыш өгүз терисин
Көтүнө чалбар болбогон Нескара.
Бул түшүп калды палванга.

Дөштүк туруп айтат:

Атты минерге жараткан
Эрди арипат намызга жараткан
Мен түшсөм түшүп берийин,
Агар путу келсе, капырдын,
Путун үзүп алайын.
Агар голу келсе копырдын
Колун үзүп алайын.

Манас:

–О, төлгөчү к кара төлөгүм,
Сен төлгөңдү салып карагын.
Байдын уулу бөрүчүм
Сен оң далиң ачып карачы,
Сол далиң ачып карачы.

Төлгөчү:

–Жер алдына түшкөнгө
Жетимиш жыл болду эле,
Жер үстүнө чыкканга
Жетимиш күн боло элек.
Мунун түзүк чучук тололек
Мунуң болбойт палванга
Эми палван таппай калдыго.

Манас

–Элеманбайдын эргулай, Дөштүк,
Сен эми кылычыңды кынагын,

Сен кырк жигитиң сынагын, Дөштүк .
Мен эми санагымды санайм, Дөштүк .
Мен сан жигитим сынайын ,
Оролмо сунуш, сен айтам ,
Сен өм кылычыңды кынагын .
Кыр жигитиңди сынагын .
Манас сынай көрдү дейт.

Бир жигит Манаска :

Кече Кайбырдын уулу Шайбырың Манас,
Шыйбырдын уулу Мунжуруң Манас
Мунжурдун чынчанактай эр Агыш
Ошо бук болуптур деп уктум,
Ошону барып таап келиң ,
Манас чапкылап дагын кетти дейт.
Эр Агыш балдар менен ашык ойноп жаткан экен.

Манас :

Мулжурдун уулу эр Агыш !
Берака келгин гап айтам,
Ашыгын чөңгөлдөп алып ,
Басып Манастын алдына гилди дейт.

— О, кытайлардын Нескара
Түшүп калды палванга
Жыкса жыгып алганга
Жыгылса курук калганга
Сен кандайсың палванга?

100

Ондо эр Агыш:

Атты минарга жараткон
Эрди ариет намызга жараткон
Агар тушсе тушуп берейин
–О, гэлэндгэдэ керк Манас
Сен кеенуң менен эрке ескен Манас
Агар путу келсе, капырдын
Путун уэуп алайын,
Колу келсе капырдын
Колун уэуп алайын
Эр Агыш чап деп маймылча
Чып учкашып алды Манаска.

Манас:

Тэлгечу кара тэлэгум,
Тэлгэндү салып карагын,
Байдын уулу беручу.
Оң далиң ачып карачы.

Даличи:

Кара чаар кабылан койбо-койбо деп,
Алдында оюн салып турбайбы,
Кызыл чаар кабылан тейбе-тейбе деп,
Оюн салып турбайбы?~~Жыган айдай пасти бар~~
Жыган айдай пасти бар
Жыга турган апти бар.
Баганадай пасти бар
Баса турган апти бар.

15.

Жур палваным деп барып Нескарага гап койду. Нескара менен эр Агыш бел кармашып кетти дейт.

Монюдашып кетти дейт.
Пайчалэшип кетти дейт,
Букадайдай челишип,
Аювдай болуп алышып,
Ой жерди түз кылып,
Түз жерди ой кылып,
Жер чаңыртып кетти дейт.
Он беш күнчө күрөшүп
Ал табына келгенде,
Эр Агыш колдун угуна көтөрдү.
Мына көлөкөдө көрк өскөн Манас,
Көөнү менен эрке өскөн Манас
Жык десең жыгып берейин, чором
Ур десең уруп берейин.

Манас:

Бали бир, бали өзүңө бали!
Көтөрүп жүргөн күчүңө бали!
Мунжурдун уулу эр, Агыш бали.
Менин алдыма жыкпагын
Эр Дөштүкө барагөр көтөрүп,
Мына Элеманбайдын эргулай Дөш,
Эрдин назари тийген зоргулай Дөш
Жык десең жыгып берейин, Дөштүк
Бас десең басып берейин, Дөштүк.

О,бали бир,бали өзүңө бали,
Мунжурдун уулу эр,Агыш бали,
О,көтөрүп жүргөн күчүңө бали.
Мен алдыма жыкпагын,
Кытайлардын Жолой алп,шунун алдына апарып жыгагер.

Эр Агыш:

Кытайлардын гөр Жолой
Жык десең жыгып берейин
Бас десең басып берейин,Жолой.
Кызыталак эр Агыш жык дейт.
Жерге бир гоюп башка бир тэп
өтүп кетип калды.

Гор Жолой:

-Жыгып намыз алмак бар элей
Башка тепмек жогэлей
Деп гор Жолой намыз кылат:
Гор Жолой түштү палванга.

Гор Жолой бакырып туруп:

-Жакып кан уулу жаш Манас,
Сен күрөшкө койгон олжоңду айт.

Манас:

Кан жыттанган гор Жолой,
Миң тайлактуу төө гойдум,
Бир жыгып алып кете бер.

Гор Жолой:

Палваның болсо алып кел,
Палваны дагы болбосо,

Шу олжону маңа бер!

Дөштүккө намыз түшүп калды:

Жакып кан уулу жэш Манас,
Кытайлардын гор Жолой,
Түшүп кадды спалванга
Жыгып намыз алганга,
Жыгылса курук калганга
Манас,сен кандайсың палвагна?

Манас:

О,Элеманбайдын эргулай,Дөштүк !
Мен ат үстүндө эр элем,Дөштүк !
Ат үстүнөн түшкөндө ,
Катын гарып гөр элем.
Мен эр сайышка түшөйүн,эр Дөштүк !

Манас менен эр Дөштүк палван издеп калат.

Манас:

Элеманбайдын эр,Дөштүк !
Кылычыңды кынагын
Кыр-жигитиңди сынагын
Мен санагымды санайын ,
Сан жигитиңди сынайын,
Деп Манас кыр жигитин сынап көрүп:

–Жов карысн эр Кошой,
Эр Кошоюм кайда экен?
Бул ойго будай пишкэндэ
ойлоп түшкөн эр эле,
Орокчуга аш берсе,

Башта тойгон эр эле.
Кырга буудай бышканда
Ойлой түшкөн эр эле,
Орокчуга аш берсе,
Башта тойгон эр эле.
Он жигит башы ойрон чал
Онундо көпкөн жинди чал
Кыр жигит башы Кыргын чал
Кыркында көпкөн жинди чал
Бул жинди чалым кайда экен?

Жинди чал бөкөөр/ гөш алып жеп/ казандын башында жүргөн экен. Буга Манас чапкылап барып айтат:

О, жав карысы эр, Кошой!
Эр Кошоюм, мында кел!
Берека чыккын заб-айтам.
Кытайлардын гор Жолой
Түшүп калды палванга
Жыкса жыгып алганга
Жыгып намыз алганга
Жыгылсаң курук калганга
Сен кандайсың палванга?

Кошой:

Түшсө, түшүп берейин,
Көтүмдө иштаным эм жок элей

Манас:

Каракан кызы Каникей,
Катынымдын мага кылган шымы бар.

Бу шымды дагы сурасаң,

Же бүккөнү билинбейт,

Же тиккени билинбейт.

Же сайганы билинбейт,

Же кайыганы билинбейт.

Эр Кошой экэ сени айтам

Намызды алып сен бериң,

Мана, шу шымым башы менен сеники.

деп, ырчы, сынчы ж чакырып алат.

Ырчылар туруп айтат дейт,

Сынчылар туруп айтат дейт

кара чаар кабылан койбо баатыр койбо деп

оюн салып турбайбы,

Кызыл чаар кабылан, Тайба баатыр тайба деп, оюн салып турбайбы.

Жыган айдай пасти бар

Жыга турган өпти бар.

Апарып көр Жолойго салып койду дейт. Кардым ач түшпөймүн

Манас:

немне жейсиң Кошоюм?

Кошой:

Мен эки туу бээнин гөшүн жеймин.

-Мен энекем алтавымды

Катуу тууган эр элем.

Манас:

Эки туу бээни сойдар,

Эки кичигиң эр Баймат

Сен казаның тез кайнат

21.

Ой жерди түз гылып,
Түз жерди ой гылып,
Кара токой жоюлуп,
Кара жерлер оюлуп,
Күрөшүп дагын кетти деп,
Кан Манас экөвүн салып коюп, жийинге келди дейт:
Оң оңкулдап калды дейт
Сол солкулдап калды дейт.

Ал тавым катык эр элем,
Жакып кан уулу жөш Манас,
Апарып дагын салып кой
Жоонумдан жоон тегирмен
суу акканда өкөндүн көтөрүшүн өондо көрөсүң.
-Мен өкөндөн аптада/8/келип кабар ал,
Аптада колуң тийбесе,
Он беш күндө кабар ал.
Он беш күндө келбесең,
Бир айда келип кабар ал,
Бир айда колуң тийбесе,
Эки айда келип кабар ал.
Эки айда кабар болбосо,
Алты айда келип кабар ал.
Ал тавым катуу эр элем,
Алтайда тапка келермин.
Кошой алп менен, Жолой алп
Дөшкө чыгарып төштөди.

Бор кайнатып алды дейт,

Кошойдун алдына кӧӧп,

Дагын берди дейт.

Кошой гөшүн чӓйнӓп жутту дейт,

Сөөгүн чэйнэп түркту дейт.

Кошой:

Сувумду суулап алайын, бир тегирмен сувду бир соолто жутайын деди.

Ал тавым катык эр элем,
Жакып кан уулу жӓш Манас,
Апарып дагын салып кой
Жоонумдан жоон тегирмен
суу акканда ӓкӓндин көтөрүшүн шондо көрөсүң.

-Мен ӓкӓндӓн ӓптадӓ/8/келип кабар ал,
Ӓптадӓ колуң тийбесе,
Он беш күндө кабар ал.
Он беш күндө келбесең,
Бир айда келип кабар ал,
Бир айда колуң тийбесе,
Эки айда келип кабар ал.
Эки айда кабар болбосо,
Алты айда келип кабар ал.
Ал тавым катуу эр элем,
Алтайда тапка келермин.
Кошой алп менен, Жолой алп
Дӓшкӓ чыгарып тӓштӓди.

Он жашардан чагыраак кайсы улакчы болсо, алып качып кетсин дейт, Кытайдан кошулду улакчы, ногойдон кошулду улакчы, персияндан кошулду. Манастын улакчылары кирди дейт.

Байдын уулу Төрөбай,
Бул ам кирди улакка,
Алмамбеттин уй мурунду сарала
Алачыктай ала өгүздү
Алып салып кетти дейт.
Уй түгүндөй кошунду
Жер чөбүндөй кошунду
Үч айлантип кетти дейт.
Төрт айлантип кетти дейт.
Байдын уулу Төрөбай,
Муну таштап алды дейт.
Кытайга олжо тийбей калды дейт.
Наргы атасы Айдаркан,
Берги атасы Камбар кан
Камбаркан уулу эр Көкчө
Эр сайышка түштү дейт.

Ошондо Көкчө туруп бакырды:

Маңа койгон олжоңу айт

Манас:

Саңа миң кара башыл кой койдум,
Миң музоолу уй койдум
Жакып кан уулу жаш Манас

Куу найзаны колго алып,
Бир белсенип түштү дейт.
Көкчө менен кан Манас,
Бир сайышып калды дейт.
Көкчөнүн капталынан
Нэйзэ чыга түштү дейт.
Аттан оодара сайып койуң дейт.

–О..... суруп чыкты дейт Манас
Кошойго чапкылап кетти дейт,
Кошойдун жонунан
Жоон тегирмен суу агып калды дейт.
Кэмбагалдар эгин айдап көгөртүп,
Эгин оруп алган жер экен.

Кошой

жакып кан уулу жэш Манас
Жонунан жоон тегирмен суу агыппы?–деп сурады.
–Суу агыптыр.Кошоюм–
Экэңдин көтөрүшүн гөр Манас –деди. Гөр Жолойду
колдун учуна көтөрүп жүрүп калды.
–Жык десең жыгып берейин Манас,
-О,бэли бир, бэли өзүңө бэли
Көтөрүп алган күчүңө бэли
Жов гарыса эр Кошой бэли
Мени алдыма жыкпагын,
Тогуз уул кенжеси
Бир кудайдын бендеси
Дөштүктөн сурап чыгагөр.

25.

Элеманбайдын эргулай, Дөштүк,
Эрдин назари тийген, Дөштүк,
Мына жык десең, жыгып берейин, Дөштүк.
—О, бали, бир бали өзүңө, бали
Айтып бир турган сөзүңө, бали.
Жык кысталак Жолойду, дейт
Жык дегенде жерге бир көтөрүп,
Өрүп башын аттап өтүп кетти.

—Кыргыздын кырк чоро деп Манас кырк чорону
чакырды. Аттын келе турган убагы болду йой.
Мен курамды алып карасам ат жарым жолго келиптир.
Кытайлардын Ач буудан
Алдында озуп алыптыр,
Баштан кийин карасам,
Чалкуйрук келе жатпайбы,
Экиден кийин карасам Көкчөнүн Көгаласы келе жатпайбы,
үчтөн кийин карасам Оролмонун байталы келе жатпайбы,
төрттөн кийин коңурбайдын Каратору келе жатпайбы,
Бештен кийин Кыссайкалдын кылжайрани келе жатпайбы
Как куланы карасам,
Ат ортолоп алыптыр,
Кежигелеп алыптыр
Же озо турганын билбеймин,
же озбой турганын билбеймин
Же чуур ченегенин билбеймин,
Кыргыздын кырк чоро
Эки жайлык жолго жеттиңер
Каккула озо турган болсо, тартып отуруңар.

Озбой турган болсо, ошо жерде сойгула.

Терисин тӧшкӧ жӧйгилӧ, коюп каллӧсин алып келгиле.

Кырк кыргыздын кырк чоро,

Ат жӧнгӧвгӧ кетет дейт,

Уй түгүндөй көп кошун,

Бул ӧм да кетти дейт.

Кайра-кайра камчылап,

Манас ӧм өзү кетти дейт.

Он беш күндүк жолго жетти дейт.

Аттар кирип келди дейт,

Манас бир кыйкырык салды дейт,

Манастын доошун Каккула укту дейт.

Манастын доошун укканда,

Бештен кийин түштү дейт,

Манасынын карасын көргөндө,

Алдына узап алып кетти дейт.

Көкчөнүн Көгаласы Каккуланы такымдап жетип калды дейт.

Манас Көгалага туурасынан тийди дейт.

Арыкка тыгып салды дейт,

Ону Көкчө көрө коюп калды дейт.

Ээ, кызыталак Кан манас сени жебесем деп арманда калып калды дейт. Кытайлардын Кыссайкал

Кан Манастын алдынан

Атын сүрөп өттү дейт.

Кан Манас Каккулага карабай, кызды

Кызды көрөө кыткырган

Кыткылыктуу кан Манас

47



Чылбырыңды маңа бер деп, Кыссайкалдын колунан
чылбырды алып кетип калды дейт.
Чылбырын алып кетерде
Оң сөйкөсүн көтөрүп,
Шалп эттирип бир өптү,
Кыссайкалдай пашааны
Сол сөйкөсүн көтөрүп
Шалп эттирип бир өптү.
Мени немнеге өбөсүң деп,
Манастын беш карыш жерин айра чапты.
Бештен кийинки кылжайрөнди
Үч аттан кийин салды дейт.
Оролмонун байталы арыктан ыргыганда көтүнөн туурдугу ыргып кетти дейт. Жели чыгып кеткенде, бир атты бастыра берип үч аттан кийин болду дейт.
Эми Каккула озуп кетти дейт.
Капырга олжо тийбей калды дейт.

Мен жигирмэ жашта үйрөндүм, онда акэм алтымышта болгон. Акам аркалык бир казактан үйрөнүптүр. Акөмдин айтуу боюнча аркалык казактан барып үйрөнүп келет, мен акөмдөн үйрөнгөмүн. Акөм кат окуган эмес, акөмдин өлгөнүнө жигирмө беш жыл болду, менин Манас, Семетей, эр Дөштүктү айтканыма быйыл 43 жыл болот.

"Көтөрмө"колхозу, Кыргыз Ата с/с. Ноокат району, Ош областы, Төрө Маамытов, 63 жашта, 25-30 жаштарымда ырдаган ыр. ~~Саат 5.~~

27/Ш-47-жыл.
собрал К. Богдаев
1050 строк